# ЫСЫК-КӨЛ ИНДУСТРИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ

Макулдашылды ОУК
Методист
_Асанбекова_
_протокол №2_

“Бекитемин”
Директор ЫКИПК
_Б. Жумабаева_
_протокол пед.сов. №2_
“15” _10_ 2019-жыл

# Адистиктердин жумалыгын (декадасын) өткөрүү жөнүндө

# ЖОБО

Балыкчы 2019

# ЖОБО

## Адистиктердин жумалыгын (декада) өткөрүү жөнүндө

Адистиктер боюнча жумалык (декада) жөнүндө жобо Кыргыз Республикасынын Билим берүү законунун жана Ысык-Көл индустриалдык-педагогикалык колледжинин Уставына ылайык иштелип чыккан.

Адистиктердин жумалыгы (декадасы) жыл сайын окутуучулардын окуу-усулдук бирикмеси (ОУК) тарабынан окутуучулардын илимий-усулдук жана эксперименталдык ишин пландаштырууну алкагында жана студенттердин чыгармачыл, таанып-билүү жана активдүүлүгүн өнүктүрүү жана ошондой эле тажрыйба алмашуу, окутуучуларды мотивациялоо максатында өткөрүлот.

**Адистиктердин жумалыгынын (декадасы) маселелери:**

1. Ачык сабактарды жана класстан тышкаркы иш-чараларды даярдоо, уюштуруу жана өткорүү аркылуу окутуучулардын кесиптик чеберчилигин арттыруу, жаңылануу жана тажрыйбаларын жайылтуу.
2. Студенттерди өз алдынча кесиптик, чыгармачыл ишмердүүлүккө тартуу жана окутулуп жаткан дисциплинага болгон кызыкчылыгын жогорулатуу
3. Белгиленген кесиптик дисциплинасын тереңдетип, окууга ынтызарланган, чыгармачыл, жөндөмдүүлүгү бар студенттерди таап чыгуу
4. Студенттердин илим-техника, көркөм кесиптик чеберчилик тармагын өнүктүрүү үчүн педагогикалык технология базасын калыптандыруу
5. Жыйынтыгында мыкты циклдик комиссиясын аныктоо.

**2) Адистиктердин жумалыгын өткөрүүнү уюштуруу жана өткөрүү тартиби:**

2.1 Адистиктердин жумалыгы (декадасы) коллеждин окуу-усулдук кеңешинин иш планына ылайык өткөрүлөт.

2.2 Адистиктердин жумалыгынын (декада) тематикасы окуу жылдын башында окуу-усулдук кеңештин отурумунда белгиленет.

2.3 Пландаштырылган иш-чаралар жумалыктын (декаданын) максатына жана тематикасына дал келиши керек.

2.4. Адистиктердин жумалыгын (декадасын) өткөрүүнүн уюштуруучусу катары окутуучулардын окуу-усулдук кенеши жана ар бир циклдык комиссия эсептелинет.

2.5.Адистиктердин жумалыгынын планын талкуулоо окуу-усулдук кенештин отурумунда жүргүзүлүп, андан кийин план колледжин ОТИ боюнча директордун орун басары тарабынан бекитилет.

2.6. Адистиктердин жумалыгынын ( декадасынын) катышуучулары: Ар бир адистиктин дисциплиналарын окуткан окутуучулары жана жумалыкта белгиленген адистиктин бардык тайпаларынын студенттери.

**3) Адистиктердин жумалыгынын алкагында төмөнкүлөр өтүлөт:**

**3.1** Дисциплина боюнча традициялык эмес сабактар.

3.2. Окуу тайпаларынын ортосундагы класстан тышкаркы иш- чаралар.

3.3. Жалпы циклдык иш-чаралар.

3.4. Коллективдүү чыгармачылык иштер.

3.5.Окуу-тарбиялык ишмердүүлүктүн башка формалары .

4) **Адистиктердин жумалыгынын (декадасынын) планын түзүүдө төмөнкүлөр эске алынууга тийиш.**

**4.1.** Адистиктин бардык окутуучуларынын катышуусу.

4.2. Сабактарды жана иш-чараларды өтүүнүн түрдүү формалары (жомок сабак, конференция, семинар, сабак-саякат, дебат-сабак, диспут, сабак-конкурс, сабак-кече ж.б.).

4.3. Иш-чаралардын мөөнөтү, мезгили, жооптуу аткаруучуну көрсөтүү менен так графигин түзүп бекитүүсү.

4.4. Ар бир окутуучу бирден тематикалык иш-чараны өткөрүүгө милдеттүү.

4.5. Адистиктер жумалык (декада) өткөрүү мезгилинде көрсөтмөлүү информация менен чагылдырыш керек.

4.7. Жумалыктардын (декадалардын) жыйынтыгы окуу-усулдук кенешмеде талкууланып, пед.кенеште каралып, чечимдер кабыл алынып, кетирилген кемчиликтер боюнча ОУКтун жетекчиси тарабынан жакшыртуу пландары иштелип чыгыш керек.

4.6. Жумалыктардын жыйынтыгы боюнча толук маалыматты (методист) ОУКтун жетекчиси, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарына тапшырууга милдеттүү.

4.8. Адистиктердин жумалыгынын жыйынтыгы колледжин директорунун буйругунда чагылдырылышы керек.